Апрель айынын аягында «Энелер мектебинин» алкагында 3-4-класстарынын окуучулары жана ата-энелеринин коштоосунда «Эне тилим-эне сүтүм»,- деген темада кыз-жигиттер айтышы сармерден өтүштү. Мугалимдери Турдумамбетова Авива, Булатова Нурайым.

Май айында 4-классынын уюштуруусунун негизинде ата-энелеринин катышуусунда «Кош бол башталгыч класс» аттуу чакан концерттик программасы болуп өттү. Мугалими Турдумамбетова Авива эжей.

Жылдын жыйынтыгынын негизинде Турдумамбетова Авива «Эл агартуунун отличниги» наамы менен сыйланды. Уралиева Сайкал өзүн мыкты мугалим катары көрсөтүп, райондук грамотага ал эми Абдразакова Бегайым өзүн мыкты уюштургуч, кесипкөй педагог катары көрсөтүп, айыл өкмөтүнүн грамоталарына татыктуу болушту.

Башталгыч класстарынын усулдук бирикмесинде 90% жаш мугалимдер эмгектенгендигине байланыштуу бардык мугалимдер өз жоопкерчилигин бекем кармап, кийинки жылы жакшы иштеп, конкурстарга активдүү катышып беришет деген ишенимдемин. Бардык мугалимдер креативдүү мугалим болууга аракет кылышат.

Көпчүлүк конкурстарга катыша албай жаттык. Мунун себеби мугалимдер интернет байланыштарынын жоктугу жана нотбук менен өзүн камсыз кылган эмес. Педагогикалык тажрыйбанын аздыгы, кошумча каражаттардын жоктугу. Ата-энелердин балдардын окуусуна болгон кайдыгердиги.

Келээрки жаңы окуу жылына бардык мугалимдер нотбук менен камсыз болуп, иш кагаздарын стандартка ылайык жазуу. Ата-энелер менен талапка ылайык иш алып барып, «Энелер мектебин» күчүнө киргизүү. Окуучуларда китеп окууга болгон сүйүүнү ойготуу, сабакка болгон кызыгуусун арттыруу.

2021-2022-окуу жылында бардыгы 7 мугалим эмгектенди. Бирикме ынтымактуу, ар бир мугалим жумушуна жоопкерчилик менен мамиле кылат. Кесибин сүйүп, окуучуларынын жүрөгүнөн орун ала алышкан.

Метод бирикменин башчысы: Кайыпбаева А.О.